# ЭФОТК (IFRIC) 7 түшүндүрмөсү
## *“Гиперинфляциялык экономикадагы финансылык отчеттуулук” ФОЭС (IAS) 29да каралган кайра эсептөө методун колдонуу”*

## Шилтемелер

- *“Пайда салыгы”* ФОЭС (IAS) 12
- *“Гиперинфляциялык экономикадагы финансылык отчеттуулук”* ФОЭС (IAS) 29

## Баштапкы маалымат

1 Ушул түшүндүрмө, эгерде мурдагы мезгилде валютасы ишкананын колдонуудагы валютасы болуп саналган өлкөнүн экономикасы гиперинфляциялык болуп саналбаган болсо, буга байланыштуу ишкана ФОЭС (IAS) 29га ылайык финансылык отчеттуулуктун беренелерин кайра эсептөөнү жүргүзүүгө аргасыз болсо, бул ишкана ушул өлкөнүн экономикасында гиперинфляциянын болушун[1] тапкан отчеттук мезгилде ФОЭС (IAS) 29дун талаптарын колдонуу методдору жаатындагы сунуштамаларды камтыйт.

## Суроолор

2 Ушул түшүндүрмө төмөнкүдөй суроолорго жооп берет:

(a) ишкана ушул стандартты колдонгон учурда ФОЭС (IAS) 29дун 8-пунктунда камтылган “отчеттук мезгилдин аягына карата учурдагы болуп саналган өлчөө бирдиктеринде көрсөтүлгөн ...” маалыматты берүү жөнүндө талапты кантип чечмелөө керек?

(b) ишкана эсепке алууда кайра эсептелген финансылык отчеттуулукта кийинкиге калтырылган салыктардын беренелери боюнча баштапкы сальдону кандай чагылдырууга тийиш?

## Консенсус

3 Эгерде валютасы колдонуудагы валюта болуп саналган өлкөнүн экономикасы мурдагы мезгилде гиперинфляциялык болуп саналбаган болсо, ишкана бул өлкөнүн экономикасында гиперинфляция бар экенин тапкан отчеттук мезгилде ишкана ФОЭС (IAS) 29дун талаптарын бул экономика дайыма гиперинфляциялык болгон сыяктуу колдонууга тийиш. Тиешелүү түрдө, баштапкы нарк боюнча бааланууучу акчалай эмес беренелер жагынан финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн эң эрте мезгилдин башталышына карата ишкананын финансылык абалы жөнүндө баштапкы отчет активдерди сатып алуу жана милдеттенмелердин келип чыгуу күнүнөн тартып очеттук мезгил аяктаганга чейин инфляциянын таасирин чагылдыруу максатында кайра эсептелүүгө тийиш. Активди сатып алуу же милдеттенмелердин келип чыгуу күнүнөн айырмаланган күнгө карата учурдагы нарк болуп саналган нарк боюнча финансылык абал жөнүндө баштапкы отчетто чагылдырылган акчалай эмес беренелер үчүн мындай кайра эсептөө учурдагы баланстык наркты аныктоо күнүнөн тартып отчеттук мезгилдин аягына чейинки инфляциянын таасирин чагылдырууга тийиш.

[1] Гиперинфляциянын болушу ФОЭС (IAS) 29дун 3-пунктунда баяндалган критерийлерди ишкана чечмелөөсүнүн негизинде аныкталат.

4 Кийинкиге калтырылган салыктардын беренелери отчеттук мезгилдин аягына карата ФОЭС (IAS) 12ге ылайык таанылат жана бааланат. Бирок кийинкиге калтырылган салыктардын суммалары отчеттук мезгилдин башталышына карата финансылык абал жөнүндө отчетто төмөнкүдөй түрдө аныкталат:

(a) ишкана кийинкиге калтырылган салыктардын беренелерин ФОЭС (IAS) 12ге ылайык отчеттук мезгилдин башталышына карата финансылык абал жөнүндө отчетто ушул күнгө карата өлчөө бирдиктерин колдонуу аркылуу өзүнүн акчалай эмес беренелеринин номиналдык балланстык наркын кайра эсептегенден кийин кайра баалайт;

(b) кийинкиге калтырылган, (a) пункчасына ылайык кайра бааланган салыктардын беренелери отчеттук мезгилдин башталышына карата отчеттук күндөн тартып ошол эле мезгилдин аягына карата отчеттук күнгө чейинки өлчөө бирдигинин өзгөрүүлөрүн эске алуу менен кайрадан эсептелет.

Ишкана кийинкиге калтырылган беренелерди кайра эсептөөдө (a) жана (b) пунктчаларында сыпатталган ыкманы ишкана ФОЭС (IAS) 29ду колдонгон отчеттук мезгил үчүн кайра эсептелген финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн бардык салыштырма мезгилдердин финансылык абалы жөнүндө баштапкы отчетто колдонот.

5 Ишкана финансылык отчеттуулуктун беренелерин кайра эсептөөнү аяктагандан кийин кийинки отчеттук мезгил үчүн финансылык отчеттуулуктун тиешелүү маалыматтары, анын ичинде кийинкиге калтырылган салыктардын беренелери ушул кийинки мезгилге карата мурдагы отчеттук мезгил үчүн финансылык отчеттуулуктун кайра эсептелген маалыматтарына карата гана өлчөөлөрдү колдонуу менен кайра эсептелет.

## Күчүнө кирүү күнү

6 Ишкана бул түшүндүрмөнү 2006-жылдын 1-мартында же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонуу кубатталат. Эгерде ишкана бул түшүндүрмөнү 2006-жылдын 1-мартына чейин башталуучу мезгилдерге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

© ФОЭС Фонду